**Мугалимдин өз сабагына анализ берүү**

Мен Утурова Бегайым Медербековна 5-Б классына « Силердин үй-бүлөңөр кандай? деген темада сабак өттүм. Бул тема окуу программасында каралган, календардык планым боюнча туура келет.

1. **Сабактын максаттары боюнча:**

Бүгүнкү сабагымды максатына жеткирүү дө окуучуларга түшүндүрүү үчүн төмөнкүдөй

3 багытта башкача айтканда билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк жана тарбия берүүчүлүк максаттарын туура коюп алууну пландадым.

**Билим берүүчүлүк максатында:**

Окуучулар жаңы тема боюнча кеңири түшүнүк алышты, алган билимдерин күнүмдүк жашоодо пайдалана алышат.

**Өнүктүрүү максатында:**

Окуучулар жөнөкөй жана татаал сөздөр боюнча маалымат алышты.Сөздөр тутумуна жараша жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөөрүн жана жөнөкөй сөздөр эки же андан ашык сөздөн турарын билишти.

**Тарбия берүчүлүк максатнда:**

Окуучулар ынтымактуулуккаа бири-бирин сыйлоого,кыргыз тилин сыйлоого,таза кыргызча сүйлөөгө, тазалыкка,улууларды сыйлоо, урматтоого тарбияланышты.

2. **Сабактын эффективдүү өтүлүшү үчүн төмөнкү багыттар каралды:**

Сабакка коюлган үч багыттагы максаттардын туура коюлушунан улам, окуучулар сабакты туура түшүнүүгө багыт ала алышты.

**3. Окуу материалындагы сабактын мазмуну сабактын этаптары менен ачылышы.**

Окуучуларга теманы туура, жеткиликтүү түшүндүрүү үчүн үй-бүлөө тууралуу видио тасманы көргөздүм.

Окуучулар тасмада Чоң- атасы, чоң- энеси, атасы, апасы жана небеоелери болуп кең дасторкондо ынтымактуу тамактанып,ар бири өз милдеттерин атакрып, чоң-атасы нанды үзүп баардыгына таратып жатса, чоң-энеси кашыктарды неберелерине койуп жатканы апасы тамак куюп атасы ал тамактарды эң биринчи үйдүн улуусу катары чоң-атасынан баштап берип жаткан тасманы көргөндө ынтымактуу,тарбиялуу үй- бүлөө экендигин түшүнүштү.

Мен тасманы коюп, теманы түшүндүргөндө « миң укканча бир көргөн» өтө таасирдүү экендигине ынандым. Себеби балдар тасмадан көргөнөдөрү боюнча ой жүгүртүүгө жакшы катышышты. Интерактивдүү ыкманын натыйжалуулугу окуучуларды топко бөлүп алып иштеткен учурда алар тапшырмаларды жакшы чечмелеп,так-таамай сабакты өздөштүргөндүктөрүн байкадым.

Сабакты бышыктоодо: Окуучулар өздөдүнүн үй- бүлөсү тууралу ооз эки сүйлөм түзүп беришти.

Үйго тапшырма:10- көнүгүүнү изденип,ойлонуп жазып келишет.

Сабакты бышыктоодо окуучулар менен иштөөгө, алардын ички дүйнөсүндөгү кызыгууларын тереңирээк билүүгө, изилдөөгө, туура өздөштүрүүгө багыт менен иш стилимдеги негизги максатыма жеттим деп ойлойм.

Балдар активдүү,дилгир болгондуктан пландалган сабагымда максатыма жеттим.